Актилек жалпы билим берүү орто мектеби

# Ачык сабак

тарых 5- класс

**Тема:** Геральдика

**Мугалим:** Жумашев К.Н.

2021-2022-окуу жылы

Сабактын темасы: Геральдика

Сабактын тиби: Жаны теманы өздөштүү.

Сабактын жабдылышы: Презинтация, диктантык, картография,таблица.

1-Негизги компотентүүлүктөр:

а) Маалыматтык: Геральдика эмнени үрөтөт жана изилдейт ал тарых илиминин тармагы экендиги тууралуу маалымат берүү.

б) Социолдык-комуникативдик: Өз билимдерине жана таанып билүү көндүмдөрдүн башкалар менен бөлүшүү. в) Өз алдынча уюштуруу жана маселерди чечүүгө машыгат.

2-Предметтик компотенттүүлүк.

а) Таанып билүү жана илимий жактан түшүндүрүү суроо кое билүү. Жаны тема боюнча келип чыккан проблемалык суроолорду кое билүү.

б) Илимий далилдөөлөрдү пайдалануу. Алган маалыматтарын практика жүзүзүндө далилдей алышат.

Сабактын жабдылышы: Венна диограмасы, ТСО, китеп.

Уюштуруу: Класстын тазалыгына, окуучулардын сырткы келбетине көңүл буруу, иш ордун уюштуруу, классты жоктоо, жагымдуу маанай түзүү

Сабактын максаты:

а) Билим берүүчүлүк: Геральдика кандай илим ? Ал илимдин келип чыгуу себебтери, археология, генология, түшүнүктөрү менен бирге окуп билип алышат.

б) Өнүктүрүүчүлүк: Геральдика илими башка илимдер археология, гениялогия, ж.б. айырматала алууга калыптандыруу.

в) Ата мекенди коргоо, сактоо, ыйык тута билүү, мамлекеттик символдорун урматоо.

Сабактын жүрүшү:

Өтүлгөн теманы кайталоо: Блиц суроолор.

1)Тарых эмнени окутуучу илим ? 2) Мөөр деген эмне ?

3) Этнология эмнени үйрөтүүчү илим ? 4) Ономастика деген эмне ?

Герб жөнүндө түшүнүк; Герб – символдук мааниге ээ эмблема.  Байыртадан эле уруулар, мамлекеттер, ошондой эле Европада ак сөөктөр бири-биринен туруш үчүн ар кандай белгилерди колдонушкан. Гербдер пайда болгонго чейин колдонулуп келген найза, желек, тыйын, медальдардын бетине түшүргөн.

11-12 кылымдарда ар кандай белгилер жана тотемдик сүрөттөрдүн гербке айланышы Европалык рыцарлардын арасында башталат. Кийинчирек Геральдика мамлекеттик мааниге ээ болот. Гербдерди берүү жана бекитүү корольго гана тиешелүү эле. Король тарабынан бекитилбеген гербтер колдонулса, айып салынган. Европа Корольдорунун сарайларында гербдин кимге таандык экендигин аныктаган, аларды чогулткан жана жаңы гербтерди жасаган адамдар иштеген. Алар «Герольддор» деп аталган. Анада эмесе балдар орто кылымда Батыш өлкөлөрү колдонгон гербтердин бирин алып талкулайбыз. Берлиндин гербиндеги аю үндүү фигурага ээ деп эсептешет. Ал шаардын аталышынын бир муунун айтат. 15-кылымда орто ченинде мөөрдө бир аю көрүнүп турат анын аркасында бүркүттүн тырмактары батырылган.

Б.З.Ч. Эмин жылдыкта Шумер мамлекетинде гербтер арстан баштуу, бүркүт түспөлүндө болгон. Египиттин гербине жылан, Персияныкына бүркүт тартылан. Байыркы Грециянын мамлекеттик-администраивдик бөлүктөрүнүн ар биринин  өзүнүн гербтери болгон. Мисалы  Афинаныкы үкү, Коринфтики канатту жылкы, Родостуку атыргул, Самостуку тоо болгон.

15-кылымда Россияда эки баштуу бүркүт мамлекеттик герб каьары пайда болуп, 1918-жылы ал СССРдин герби менен алмаштырылган. СССР мезгилинде Совет мамлекети жана анын курамындагы 15 союздук республикалардын да өз-өзүнчө герби болгон. Азыркы экрандагы герб Кыргыз ССРнин герби болгон. 1991жылы Кыргыз республикасы көз карандысыз мамлекет болгондон кийин 1994 жылы 14- январында жаны гербти кабыл алган.

Бекитүү: Венна диограмасы менен иштөө. Азыр балдар Кыргыз ССРнин менен Кыргыз республикасынын өзгөчөлүктөрүн жана окшош жактарын табабыз.

Балдарды эки топко бөлүп алабыз дагы 1-топко «Тамга» командасы ысымын беребиз 2-топко «Герольдтор» командасы деп атап алабыз командаларга карточкалар таратылып берип иштей баштайбыз.

Балоо:

Кайсыл команда биринчи жана коп жактарын тапса аларды баалап алабыз активдүү отурган окуучуларды дагы баалап кетебиз.

Үй тапшырма:

Балдар үй тапшырма жазабыз 16-порограф окуп келебиз.

Туура балдар. Элибизде “ Өткөндү билбей туруп, келечекти көрүгө болбойт” деген накыл сөз бар эмеспи. Тарыхты билбеген адамды билимдүү жана маданияттуу деп эсептөө болбойт.

Окуучуларга слайд көрсөтүү белги тамгалар тууралуу.

1) Адамдардын белги тамгалары
2) Малга коюлган белгилер
3) Курал жаракка коюлган белгилер
4) Буюмга коюлган тамгалар

Окуучулар арбир сладтты талкуулап чыгышат.

Балдарга эки вариантата тест таратылып берилет.

1-Вариант

1) Орто азиялык уруулардын тамгасы тууралуу алгач Тан династиясында канчанчы жылдарында кездешкен?

а) 558-330ж. б.з.ч

б) 618-907ж. б.з.ч

в) 119-600ж б.з.ч

2) Кыргыз эн тамгалары айрымдарын элестери кайсыл жактарга чагылдырылган?

а) Кийиз, шырдак, килем.

б) Дарактарга, териге.

в) Кагаздарга, таштарга, темирге.

3) Эгер эки уруунун малга коюлчу белги тамгалары окшош болуп калса кандай жол менен чечишкен?

а) Бир жак капталдарына коюшчу.

б) Оң жана сол капталдарына коюшчу.

в) Белги коюшкан эмес.

4) Сфрагистика кайсы кылымда негизделген?

а) 18- кылымда

б) 17-кылымда

в) 16-кылымда

5) Эң байыркы мөөрлөр кайдан табылган?\

а) Байыркы Египет жана Месопатамияда.

б) Байыркы Грецияда.

в) Кытайда жана Индияда.

2-вариант.

1) Кыргыздар эмне үчүн мал жандыкка эң тамга басышкан?

а) Малга болгон менчикти туюндурган

б) Коoздугу үчүн.

в) малды оорудан сакташ үчүн.

2) Тамга деген сөз .......

а) Кытай тегинен

б) Монгол тегинен

в) Түрк тегинен

3) Биринчи белгилүү тамгалар ....... табылган?

а) Ахеминдер

б) Тан кытайдан

в) Байыркы Индиядан

4) Орто Азияда мөөрөл негизинен эмнеден жасалган?

а) кымбат баалуу металдардан.

б) жыгачтан

в) сөөктөн

5) Сфрагистика

а) Адамдын жашоосун мотериалдык эстеликтерди жардамы менен изилдейт


б) Катуу беттерге жасалган жазуулардын жана белгилердин келип чыгышын изилдейт.

в) Мөөрлөрдүн жана ар кандай материалдарга түшүрүлгөн чебин изилдейт.

Жаны тема: Балдар Геральдика деген сөз латын тилинен которгондо «Герб жөнүндө үйрөтүүчү илим» дегенди билдирет. Геральдика илими көмөкчү тармагы каьары 19-кылымдын экинчи жарымында калыптанылган.

Геральдика жалпы эле гербтерди изилдеп, аларды тарыхый дарек катары пайдаланууну үйрөтөт. Геральдика гениялогия, нумизматика, археология, полеграфия, сфрагистика илимдери менен тыгыз байланыштуу. Геральдика кафедрасы Европадагы биринчи жолу Берлинде 1706-жылы, андан кийин Рассияда 1726-жылы ачылган. 1792-жылы Герольдмейстр кеңеси уюшулуп, 1918-жылы Ленинграддын тарых орхивинин гербдин музейи аталган. Рассияда Геральдиканын өнүгүшү Петр 1 нин ишмердүүлүгү менен байланышкан.




1. Кушу бар.
2. Ысык-Көлү бар.
3. Мамлекеттин аргандай аталышы
4. Түзүлүшү башка.
5. Эки жагында буудай, пахтанын сабактары бар.

1. Күндүн чыгышы.
2. Тоо.
3. Буудай менен пахтанын сабактары.

1. Формасы түзүлүшү башка.
2. Беш жылдыз бар.
3. Орок менен балтасы бар.
4. Девизи бар.
5. Отмосу бар.
6. Бир жагында буудай сабагы бар, экинчи жагында пахтанын сабагы бар.